**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022ж 1-августу № 39 **Жон-Арык айылы**

**"Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө"**

Мал чарбасын өнүктүрүү максатында чыктуу тоют өндүрүү жана жайкы короо куруу боюнча Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жыдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" убактылуу жобону жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 13-беренесин жетекчиликке алып Нуржанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Нуржанов айылдык аймагынын административдик "Батыш" участогунун №62 чөйрө сызыгындагы 0,80га жер участогуна мал чарбасын өнүктүрүү максатында чыктуу тоют өндүрүү жана жайкы короо куруу үчүн "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын башка жерлер (курулуш алдындагы) жерлерге которууга (трансформациялоого) уруксат берилсин.
2. Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоого) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык жүргүзүлсүн.
3. Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш-кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо жагы Нуржанов айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жайнаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Г.Нусубалиева**